“Бекитемин”
К.Тыныстанов ат. ЫМУнун илимий иштер боюнча проректору, тех. илимд. докт.
К. Ж. Зиялиев ____________
“_5_” __________ 2021-ж.

**Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары” деген аталыштагы диссертациясына жетектөөчү мекеме катары К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын**

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Коомдук аң-сезимдин мифология, философия, искусство, илим, мораль, укук, саясий жана экологиялык аң-сезим сыяктуу негизги формалары менен катар эле дин да адамзаттын эволюциялык өнүгүүсүндө олуттуу роль ойногон. Илимий-техникалык прогресстин доору табияттын сырларын ачыктап, табышмак катары каралып келген суроолордун жообун берип, дүйнөдөгү кубулуштардын маңыз-маанисин ачып бергени менен, диний дүйнөкөрүм азыркы доордо деле жашоонун маанилүү бөлүгү бойдон калууда. Анткени дин эң жогорку күчкө (Жаратканга, Абсолютка ж.б.) болгон ишеним менен шартталып, моралдык ченемдер жана жүрүм-турум типтеринин, каада-салттардын, ырым-жырымдардын топтомун өз ичине камтыйт. Дин жөнгө салуучулук, дүйнөкөрүмдүк (дүйнөтаанымдык), компенсатордук, коммуникативдик, интеграциялоочу, маданий функцияларды аткарары белгилүү. Акыркы функциясы маанилүү функция болуп эсептелет, анткени дин өзү адамзат маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуу менен, социалдык жана маданий мурастарды сактоо, өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Адам баласынын дүйнөгө, жашоого болгон көз карашы жана мамилеси, түшүнүк-туюмдары, турмушундагы бардык маанилүү учурлар менен окуялар, өз ара мамилелери, тарыхый-социалдык түшүнүктөрү ж.б. байыркы

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 129/04-8
« 9 » 03 2021 г.

доорлордон бери эле көркөм сөз өнөрүндө чагылдырылып келгени белгилүү. Анын ичинде диний ишенимдери, Жаратканга (Кудайга, Абсолюттук духка, эң жогорку күчкө ж.б.) болгон ишеними, ал ишенимдин формалары менен ритуалдары мифтик-архаикалык деңгээлден тарта илимий деңгээлге чейинки чекте сөз өнөрүндө көркөм формада туюндурулган. Көркөм сөз өнөрүнүн баскычтары болгон элдик оозеки чыгармачылыкта, ошондой эле элдик акындар чыгармачылыгында адамдардын түрдүү доорлордогу диний көз караштарынын элементтери да көркөм формада толугу менен сакталган. Ошондуктан ар түрдүү элдердин кайсы бир доор-мезгилдердеги ишенимдери, тутунган дини, курчап турган дүйнөнү аңдап-түшүнүү жана таанып-билүүсүндө диний көз караштардын ролун аныктоодо элдик оозеки чыгармачылыктын, акындар чыгармачылыгынын, элдик адабияттын жана алардагы диний элемент-мотивдердин ролу абдан чоң.

Экинчи жагынан, тили жакын, дили жакын, дини бир тектеш элдердин дүйнөтаанымындагы, диний-философиялык түшүнүктөрүндөгү, диний ишенимдериндеги жана алар менен байланыштуу болгон адеп-ахлактык, моралдык-этикалык көз караштарындагы, каада-салттарындагы окшоштук, жакындык же айырмачылыктарды салыштырып аныктоодо да фольклордогу жана акындар чыгармачылыгындагы диний мүнөздөгү чыгармалар олуттуу мааниге ээ материал болуп берет. Бул жагынан алганда, тектеш кыргыз жана түрк элдеринин фольклорундагы, акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын, диний мотивдеги чыгармаларынын окшоштук жана айырмачылыктарын салыштырма планда иликтөө азыркы мезгилдеги кыргыз жана түрк адабияттаануусу, салыштырма адабияттаануу үчүн бир кыйла даражадагы илимий-теориялык жыйынтыктарды бере алат. Ошондой эле кайсы гана түрдөгү, жанрдагы, тематикадагы чыгарма болбосун, анын келип чыгышын, өнүгүп калыптанышын, спецификасын иликтөөгө алууда анын тектеш тилдүү элдердеги окшоштук, жакындык жана айырмачылыктарын иликтеп-талдап алмайынча, ал маселе боюнча системалуу мүнөздөгү илимий пикир айтуу абдан кыйын.

Демек, изилдөө темасынын актуалдуулугу ушул жагдайлар менен шартталган деп айтууга болот.

**Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделишинин даражасы.** Диссертацияда иштелип чыккан илимий жоблор, жалпы жыйынтыктар жана практикалык сунуштар адабият теориясынын жана салыштырма адабиятаануунун жоболоруна негизделген. Диссертациянын жалпы структурасы жана мазмуну анын алдына коюлган негизги максатынын жана ага жетүүнүн баскычтары катары каралган

милдеттеринин ырааты менен логикасына ылайык түзүлгөн.

Диссертациялык иштин структурасы Киришүүдөн, ар бири үчтөн параграфка бөлүнгөн эки баптан, Корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат, жалпы көлөмү (адабияттардын тизмесин кошо алганда) - 164 бет; библиографиялык тизмеде 168 эмгек жана электрондук сайттардан алынган 6 материал берилген.

**Киришүүдө** тандалып алынган теманын актуалдуулугу, максат-милдеттери, илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, изденүүчүнүн жеке салымы, коргоого коюлуучу негизги жоболор, апробацияланышы тууралуу маалыматтар орун алган.

Иштеги 1-бап **“Кыргыз жана түрк элдеринин диний ырлары, акындар чыгармачылыгындагы диний көз караштар: илимий-теориялык, методологиялык негиздер”** деп аталып, кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы дин ырларынын фольклордук башаттары, табияты жана эволюциясы; аталган элдердин фольклорунда жана адабияттаануусунда диний тематиканын изилдениш тарыхы боюнча илимий обзор, изилдөөнүн методологиялык негиздери боюнча маалыматтар; кыргыз элинин жана түрк элинин эпикалык чыгармаларындагы диний мотивдердин, элементтердин орду жана мааниси берилген.

Диссертант кыргыз адабияты чыгармачылыктын мүнөзүнө ылайык оозеки адабият жана профессионал адабияты деген эки чоң топко бөлүнсө, түрк адабиятын мезгилдештирүү, негизинен, диний принцип боюнча жүргүзүлүп, исламга чейинки адабият, ислам доорундагы адабият жана батыштын таасири менен өнүккөн адабият болуп, үч чоң этапка ажыратыларын белгилеген. Мында диний ырларды илимий иликтеп-үйрөнүүгө алууда кыргыз илимпоздору элдин байыркы ишенимдери болгон анимисттик, тотемдик, фетиштик түшүнүктөргө басым коюп, зороастризмдин калдыктары, шаманчылык, теңирчилик, буддизм, мусулманчылык ишенимдеринин жана диндеринин элементтери жана мотивдери аркылуу талдап жүрүшкөнү, ал эми түрк адабиятчылары ислам адабиятына көбүрөөк басым жасашканы көрсөтүлгөн.

Эпикалык мурастардагы диний түшүнүктөр кыргыз элинин “Манас” эпосунун жана түрк дастандарынын негизинде салыштырма мүнөздө каралып, “Манаста” исламга чейинки жана ислам динине байланыштуу түшүнүктөр синкреттик түрдө орун алса, түрк дастандарында, негизинен, исламдын таасири абдан күчтүү экени ачылып берилген. Ал эми жалпы жонунан, эки элдин эпикалык мурастарында байыркы ишенимдер менен ислам синкреттик түрдө чагылдырылып, диний мүнөздөгү айтымдар, дуба-

дарым сөздөрүнүн ж.б. окшоштугу, жакындыгы кыргыздар менен түрктөрдүн маданиятындагы, адабиятындагы, адеп-ахлактык идея-принциптериндеги, баалуулуктар системасындагы жалпылыктарды күбөлөп турганы ырасталат.

Экинчи бап **"Кыргыз жана түрк акындык өнөрүндөгү диний ырлар"** деген аталышта. Бул бапта кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын орду, мааниси, аткарган кызматы; замана агымынын өкүлдөрү жана алардын диний түшүнүктөрүндөгү, көз караштарындагы жалпылыктар, ал жалпылыктардын, ошондой эле кээ бир айырмачылыктардын чыгармаларда чагылдырылышы сыпаттоого алынып, эки элдеги диний ырлардын көркөм-эстетикалык бөтөнчөлүктөрү боюнча талдоонун жыйынтыктары берилген.

Кыргыз элиндеги акындык өнөрдүн башталмасы элдик оозеки чыгармачылык, Кетбука, Токтогул, Асан Кайгы ж.б. легендалык акындардын чыгармалары болуп, XIX - XX кылымдарда өнүгүүнүн жогорку баскычына жетсе, түрк акындык өнөрү XVI кылымда Анадолу, Румели, Иран, Азербайжан чөлкөмдөрүндө жашаган акындардын чыгармачылыгынан башат алып, Осмон мамлекети тушунда бийик деңгээлине жеткени көрсөтүлгөн.

Түрк ашык (акындар) адабияты түрк элинин мусулманчылыкты кабыл алуусунан, суфизм (сопучулук) идеяларын жайылтуудан улам келип чыкса, кыргыздарда диний ырлардагы исламдык идеялар Орто (Борбор) Азияга ислам миссионерлеринин келишинен улам пайда болгон. Кыргыз жана түрк акындар чыгармаларындагы диний ырлардын негизги идеясы бирдей болуп, Алланы жана анын пайгамбарларын даңазалоо, жалган дүйнө жана чын дүйнө идеялары, орозо кармоо, намаз окуу, шарияттын эрежелерин кармануу боюнча үндөөлөр орун алган. Ошондой эле эки элдин акындык өнөрүндө тең замана тууралуу ырлар бар жана замана идеяларынын жаралышында диний түшүнүктөр турган. Анткени менен кыргыз акындар чыгармачылыгында замана өзүнчө агым деңгээлине көтөрүлүү менен, салттуу темага айланса, түрк акындарында бул жааттагы ойлор сейрек ырдалган.

Диний ырлар фольклордук жанрлар менен синкреттешип кеткендиктен, образдуулугу, көркөм-эстетикалык мүнөзү боюнча, бир жагынан, фольклордук белгилер менен мүнөздөлсө, экинчи жагынан, өзүнө тиешелүү спецификалуу өзгөчөлүктөргө ээ. Мында сөздүн маанисин жана күчүн арттыруу максатында эмоциялык-психологиялык экспрессивдүүлүк негизги орунда турат. Ошондой эле лексикалык жактан алганда, динге байланыштуу араб, фарсы сөздөрү арбын колдонулары мыйзам ченемдүү экени конкреттүү мисалдар аркылуу ачылып берилген.

Иштин **Корутунду** бөлүмүндө изилдөө ишинин негизги

жыйынтыктары берилген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын** кыргыз жана түрк элдеринин акындар чыгармачылыгындагы диний жана диний мүнөздөгү ырлардын пайда болуу шарттары, табияты, эволюциясы, генетикалык тектештиги менен окшоштуктары жана айырмачылыктары; эки элдин акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын мезгил-доордук, тематикалык, идеялык жалпылыктары жана айырмачылыктары; замана адабиятындагы окшоштук-өзгөчөлүктөрү; диний ырлардын көркөм-эстетикалык кунарынын жана айрым көркөм каражаттары менен ыкмаларынын салыштырма планда иликтөөгө алынышы түзөт. Изилдөө фольклористика, адабияттаануу, салыштырма адабияттаануу, акындар чыгармачылыгы, тарых, дин тарыхы, динтаануу боюнча илимий-теориялык материалдардын негизинде полипарадигмалык планда аткарылган.

**Изилдөөдөн алынган жыйынтыктардын теориялык жана практикалык мааниси**. Изилдөөнүн жыйынтыктарын жана материалдарын кыргыз жана түрк адабияттаануусу, фольклористикасы, салыштырма адабияттаануу боюнча бул багыттагы кийинки илимий изилдөөлөрдө теориялык-методологиялык максатта колдонууга болот. Ошондой эле жогорку окуу жайларында филологиялык багыттагы профилдерде адабияттаануу, фольклор, акындар чыгармачылыгы, салыштырма адабияттаануу боюнча адистик жана атайын курстарды окутууда, окуу китептерин, окуу-усулдук куралдарды, колдонмолорду түзүүдө пайдаланууу сунуш кылынат.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, илимий-теориялык бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарыяланышы.** Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, бүтүмдөрү КР ЖАК тизмесине жана РИНЦ системасына кирген басылмаларда жарыяланып, Эл аралык конгрессте баяндалган. Диссертанттын жеке авторлугу менен 7 макала жарык көргөн.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Автореферат мазмундук жана структуралык жактан диссертациянын мазмунуна, структурасына, анда коюлган изилдөө максат-милдеттерине, негизинен, дал келет. Принципиалдуу мүнөзгө ээ болбогон бирин-экин дал келбестикти эсепке албаганда, диссертацияда орун албаган ашыкча, кошумча маалыматтар жок.

Диссертация жалпысынан, ийгиликтүү иштелген жана өз максатына жеткен. Өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу.

Аталган ийгиликтер менен кошо **төмөнкүдөй сунуш-пикирлерди, кемчиликтерди к**өрсөтүүгө болот.

1. Киришүү бөлүмүндөгү "Диссертациянын темасынын негизги илимий иштер менен болгон байланышы" пункту боюнча маалымат иштин текстинде жана авторефератта айырмаланат. Иште: "Изилдөөнүн темасы К. Карасаев атындагы БГУнун кыргыз филологиясы факультетинин түркология кафедрасынын илимий изилдөө багытына жана изденүүчүнүн демилгесине ылайык тандалып алынып, жүзөгө ашырылды" десе, авторефератта: "Илимий иштин темасы К. Карасаев атындагы БМУнун кыргыз адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет" деп берилген. Кайсынысы туура?

2. Ушундай эле дал келбестик диссертациянын апробацияланышы боюнча маалыматтарда да бар. Иштин текстинде 8 макала жарык көргөнү көрсөтүлсө, авторефератта 7 макаланын тизмеси берилген.

3. «Манас» эпосунда диний мотив-элементтердин орун алышы тууралуу маселени талдоого алууда (68-69-бб.) айтуучулардын динчилдиги, динге болгон мамилеси (мис., С. Каралаев жана С. Орозбаков же М. Чокморов ж.б.) менен байланышта кароо алгылыктуу болмок. Анткени эпостун сюжеттик-композициялык тулкусуна диний элемент-мотивдердин кириш жана орун алыш даражасы, биринчи кезекте, дал ушул субъективдүү фактор менен байланыштуу.

4. 70-бетте «...Кашкарлык Махмуддун «Дивани лугати-ат түрк» чыгармасы байыркы кылымдарга таандык түрк дастандарынын алгачкы үлгүсү катары каралат» деген пикир орун алган. Бул жерде түрк дастандарынын алгачкы үлгүсү иретинде Баласагындык Жусуптун «Кутадгу билигин» айтуу туура болмок деп ойлойбуз. Анткени Кашкарлык Махмуддун «Дивани лугати-ат түрк» чыгармасы түрк жазма эстеликтеринин алгачкыларынын бири болуп, олуттуу даражада адабияттаануучулук-фольклористикалык да мааниге ээ болгону менен, илимде дастан катары эмес, биринчи кезекте, түркологиянын башатында турган эмгек, сөздүк катары сыпатталып жүрөт.

5. Иште орфографиялык, пунктуациялык каталар, техникалык мүчүлүштөр арбын учурайт. Ал эми стилистикалык айрым калпыстыктар субъективдүү фактор менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**Диссертациялык иштин КР ЖАКтын талаптарына жооп бериши жана диссертантка окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Жалпылап алганда, Мустафа Йылмаздын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук

даражасын изденип алуу үчүн жазган **“Кыргыз жана түрк акындар чыгармачылыгындагы диний ырлардын окшоштуктары жана айырмачылыктары”** деген аталыштагы диссертациялык изилдөөсүн КР ЖАК тарабынан кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берген, өз алдынча аткарылган, илимий-теориялык жана практикалык мааниге ээ болгон иш катары эсептөөгө, ал эми анын автору Мустафа Йылмазды 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп корутунду чыгарууга негиз бар.

Диссертациялык иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын 2021-жылдын 3-мартындагы кезексиз отурумунда талкууланып, №8 протоколу менен бекитилди. Диссертациялык ишти талкуулоого филология илимдеринин кандидаты, кафедра башчысы Н. А. Жумашова, филология илимдеринин доктору, проф. А. Э. Абдыкеримова, филология илимд. канд., доц. Ч. Д. Толубаева, окутуучу Б. Ж. Сыдыкова, катчы А. А. Азимовалар катышты.

Корутунду пикир кыргыз адабияты жана манастаануу кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты Н. А. Жумашова жана филология илимдеринин кандидаты, доцент Ч. Д. Толубаева тарабынан жыйынтыкталып түзүлдү.

Кафедра башчысы, фил.ил.канд. Н. А. Жумашова

Отурумдун катчысы А. А. Азимова

Н. А. Жумашова
А. А. Азимовалардын колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«05» 03 2021 ж.г.